КР УИАсынын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж. Баласагын атындагы КУУнун алдындагы Д 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу институтунун профессору, т.и.д. О.К.Каратаевдин тарых илимдеринин доктору илимий даражасынын изденүүчүсү Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)“ аттуу диссертациясынын кол жазмасына берген

**ПИКИРИ**

**1. 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д.07.23.674 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши**

Изденүүчү Ч.Т.Сатыбалдиева тарабынан 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу жазылган доктордук диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына жана жазылган диссертациянын мазмуну 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистигинин талаптарына туура келет.

2. **Диссертациялык иштин негизги максаты:** Кыргыз элинин салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн комплекстүү изилдөө.

**Максатка ылайык төмөнкүдөй милдеттер коюлду:**

- XIX кылымдын аягы жана – XX кылымдын башындагы салттуу кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүн өз алдынча материалдык маданияттын бир бөлүгү катары калыптанышын изилдөө;
- кыргыздардын салттуу килеминин негизги каражаттарын жүн сырёсун (койдун, эчкинин, төөнүн) жана андан жасалган жиптердин түрлөрүн килем токууга даярдоо, алардын боёо ыкмаларын ачып берүү жана килем жана килем буюмдарынын токуу куралдарынын даярдалышын изилдөө;
- килемдеги оюм-чийимдердин, символдордун, белгилердин семантикасын ачуу, алардын пайда болуу жана бекемделишинин себептерин ачып берүү;
- кыргыздардын килем токуу жүрүмүн (процесси) жана токуунун салттуу ыкмаларын изилдөө;
- кыргыздардын салттуу килемдерине түшүрүлгөн көчөттөрүндөгү (орнаменттериндеги), аларды курчап турган чөйрөнүн чагылдырылышын аныктоо менен бирге табынуучулук маанисин ачып берүү;

ОК: Тибулатова А. Р.

ДС 07.23.674
Вх. № 2024/1 от 14.05.24
Уч. секр.

- килем токуу жүрүмүнө байланышкан кыргыздардын каада--салттарын, үрп-адаттарын жана ырым-жырымдарын ачып көрсөтүү;
- Борбордук Азия жана Фергана өрөөнүндөгү элдеринин кыргыздардын салттуу килем токуу өнөрү менен маданий байланыштарын көрсөтүү;
- салттуу килем жана килем буюмдарынын түрлөрүнүн пайдалануу чөйрөсүн көрсөтүү менен азыркы мезгилдеги кыргыз килем токуу өнөрүнүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо;

**Диссертациянын темасы актуалдуу**, анткени кыргыз элинде салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү материалдык жана руханий мурастардын бири болуп, кыргыздардын маданий-чарбалык жана социалдык байланыштары, алардын материалдык жана руханий дүйнөсү жөнүндө маалымат берген баалуу тарыхый-этнографиялык булак катары терең мааниге ээ. Ошого карабастан кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү ушул убакка чейин атайын этнология илиминде изилдөөнүн предмети болгон эмес. Кыргыздарда килем токуу жүрүмүндөгү көркөм-кооздук үлгүлөрү болгон килем көчөттөрүнүн семиотикалык эволюциясы дээрлик изилденбеген. Кыргыздардын жүндү иштетүүсү, салттуу килем токуу ыкмасынын көп кылымдык элдик билими, тажрыйбанын жардамы менен ишке ашыруу багыттары, кыргыздардын социалдык-маданий байланыштары, алардын килем көчөттөрүндө чагылдырылган дүйнө таанымы, эстетикалык баалуулуктары, кыргыз элиндеги үй-бүлөнүн салттуу турмуш-тиричилигиндеги килем буюмдарынын мааниси, токулган салттуу килемдердин функционалдык өзгөчөлүктөрү килем токуу учурундагы ага байланышкан кыргыздардын салттары алигиче этнология илиминин атайын изилдөө үчүн объектиси жана предмети боло элек.

**3. Диссертациялык иштин илимий жыйынтыктары**. Бул эмгектин артыкчылыгы: **биринчиден**, кыргыздардын алигиче изилдене элек этномаданияттагы чөйрөсүн алган жана анын коомдук турмуштагы ордун аныктаган.

**Экинчиден,** автор кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрү жана анын өнүгүү эволюциясын изилдөөдө негизинен этнографиялык талаа экспедициялык материалдарды булак катары кеңири колдонгон.

**Үчүнчүдөн,** бул эмгектин автору кыргыздардын арасында айрыкча ичкилик урууларынын ичинде салттуу килем токуу кол өнөрүн калыптангандыгын жана жайылгандыгын белгилеп, килем токуу кол өнөрү нукура кыргыз элине таандык экендигин далилдей алган.

**Төртүнчүдөн,** автор Борбордук Азиядагы элдердин килем токуу салтынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын табууга билгичтик менен аракет кылган. Орто кылымдардан баштап эле кыргыздардын материалдык маданиятынын бир топ деңгээлде өнүккөндүгүн жана анын ичинде мыкты сапаттагы килем жана килем буюмдарынын пайда болгондугун аныктай алган.

**Бешинчиден**, автор негизинен Кыргызстандын түштүгүндөгү атап айтканда Чоң-Алай, Баткен, Лейлек, Ноокат өрөөндөрүнөн чебер килем токуучулар

менен көптөгөн маектешүүлөрдү жүргүзүп, көп жылдар бою байкоолорду өткөрүп, абдан бай этнологиялык материалдарды чогулткан. Андан тышкары автор тарабынан 200 дөн ашуун фото-сүрөттөр топтому тиркелген.

**4. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо**

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)" аттуу диссертациялык ишинин жыйынтыктары, сунуштары кыргыз этнография илиминин өнүгүшүнө өз салымын кошо алат. Аталган диссертациялык иш боюнча бул мезгилге чейин үстүртөн гана маалыматтар берилип, атайын талдоонун жана изилдөөнүн объектисине жана предметине алынбай келген.

Килем токуу кол өнөрчүлүгү тууралуу маалыматтар XIX кылымдын аягында келе баштаган чет элдик окумуштуулардын жана саякатчылардын эмгектеринен гана учкай кезиккен. Ошондуктан изилдөөнүн деңгээли коптөгөн эмгектерди, түрдүү багыттагы тарыхый булактарды талдап чыгууга түрткөн. Бул жагынан алганда белгиленген географиялык аймакта жашаган жүн сырьёсун берген малдын жаныбарлардын түрлөрү, аларды багуунун ыкмалары, жүн буласын, алардан жип даярдоо, чыйратуу, эшилтүү, килем токуу ыкмалары, ошону менен бирге аларга колдонулган ырым-жырымдар, пайдаланылган каада-салттар тууралуу талдоолору менен алардын практикалык жактары да бирге каралган. Диссертациялык иштин жүрүшүндө логикалык ырааттуулук сакталып, ички биримдиги бирин-бири толуктап, жемиштүү илимий жыйынтыктарга ээ болгон жана туура багытты тандаганы көрүнүп турат.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.** Авторефераттын мазмуну, түзүлүшү диссертациянын мазмунуна, түзүлүшүнө толугу менен туура келет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бири-бирине мазмундук окшош резюмелер менен жабдылган. Талаптарга толук жооп берет.

**6. Бирок, илимий-изилдөөлөрдүн ачык-айкын корутундулары жана артыкчылыктары менен катар эмгекте илимий-техникалык мүнөздөгү кемчиликтер да бар.**

**Биринчиден,** автор совет доорундагы авторлорго жана орус окумуштууларынын эмгектеринде кайрылган жана абдан кеңири анализ берип көп талкууга алынган. Бирок эгемен мезгилдеги салттуу килем токуу жүрүмүнүн трансформацияланышы жөнүндөгү эмгектерге азыраак көңүл бурулуп калган.

**Экинчиден,** килем токуу салтынын ичкилик кыргыздарынын арасында сакталышынын себептерин дагы тереңирээк ачып берсе деген ойдомун.

**Үчүнчүдөн,** диссертациялык иштин үчүнчү бабынынын үчүнчү менен төртүнчү параграфтарын бириктирип койсо болмок.

**Төртүнчүдөн,** автор килем токуу практикасында кездешкен бардык терминдерге жана сөздөргө глоссарий түзсө болмок.

**Бешинчиден,** информатордордун тизмесин түзүүдө бир техниалык жана орфографиялык каталарга көңүл буруу зарыл.

7. Ошол эле учурда бул сунуштар бул эмгектин теориялык жана илимий-практикалык маанисин эч кандай төмөндөтпөйт жана диссертациянын автору 07.00.07-этнология, этнография жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору илимий даражасына татыктуу.

**8. Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары:**

1. Изденүүчү диссертациялык иштин үстүнөн бир топ убакыттан бери (2009-ж.) эмгектенип, көптөгөн тарыхый булактарды, тарыхнаамалык илимий эмгектерди карап, семантикалык талдоолорун кенен жүргүзгөн.

2. Изденүүчү талаа материалдарын чогултууда Кыргызстандын аймагынан сырткары Россия Федерациясынын жана Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан республикаларынын музейлериндеги килем жана килем буюмдары жөнүндө маалымат алып, аларды өзүнүн изилдөөсүндө кеңири колдонууга аракет жасаган.

**9. Жетектөөчү мекеме, оппоненттер боюнча сунуштар:**

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы кыргыз мамлекеттик университетинин тарых институтунун “Кыргызстан тарыхы жана этнология” кафедрасы.

**Расмий оппоненттерге:**

1. Каратаев Олжобай Кубатбекович тарых илимдеринин доктору, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Кыргыз-Европа факультетинин жана Тарых жана чөлкөм таануу институтунун профессору.

2. Калыш Аманжол Боранбайулы тарых илимдеринин доктору, профессор аль-Фараби атындагы Казак Улуттук университетинин Тарых факультетинин археология, этнология жана музеелогия кафедрасынын профессору.

3. Назаров Насриддин Атакулович тарых илимдеринин доктору, Ташкент областтык Чырчык педагогикалык университетинин профессору.

**10. Диссертациялык кеңештин эксиерттик комиссиясынын мүчөсүнүн диссертациялык кеңешке берилген сунушу:**

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү ( XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы )” аталышындагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07. 00. 07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган доктордук диссертациясынын кол жазмасын корутундудагы белгиленген мүчүлүштүктөрдү жоюу, сын пикир жана сунуштарды эске алуу шарты менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.

Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кылабыз.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**
**тарых илимдеринин**
**доктору, профессор:** **О. К. Каратаев**

**13. 05. 24.**

Кол тамгасын тастыктайм!
КБ башчысы: Н. Курманова